3-сабак

# Тема 3

# Кастык тили улуттук жана эл аралык укуктардын алкагында

## Подтемалар

- Борбор Азиядагы ачык дискурстагы дискриминация көрүнүштөрү жана эркин пикирге ээ болуу, пикир билдирүү эркиндиги
- Эл аралык жана улуттук мыйзамдардагы «кастык тилин» чектөө

## Предметтердин интеграциясы

«Адам укугу», «Эл аралык укук», «Конституциялык укук», «Кылмыш-жаза укугу», «Медиа укук», «Журналистиканын негиздери», «Журналисттин этикасы», «Медиа этика», «Сынчыл ойломдун негиздери», «Заманбап казак/кыргыз/тажик/өзбек/орус тили» (өлкөгө жараша), «Конфликтологиялык журналистика», «Лингвистикалык экспертиза», «Саясий лингвистика», «Журналисттин ишиндеги социалдык тармактар», «Маданияттар аралык коммуникациянын теориясы жана тажрыйбасы».

## Сабактын максаты

**Когнитивдик:**

- студенттер «дискриминация» деген түшүнүккө аныктама бере алышат;
- студенттер «ой-пикир эркиндиги жана пикир билдирүү экркиндиги» деген түшүнүккө аныктама бере алышат;
- студенттер ой-пикир эркиндиги жана пикир билдирүү эркиндигинин эл аралык стандарттарын түшүндүрүп бере алышат;
- студенттер эл аралык жана улуттук мыйзамдардагы «кастык тилине» чектөөлөрдү айтып бере алышат;
- студенттер ой-пикир эркиндиги жана пикир билдирүү эркиндигина байланыштуу адам укуктары жаатындагы улуттук жана эл аралык мыйзамдардын жоболорунун катыштарын аныктай алышат;
- студенттер улуттук мыйзамдарга ылайык, «мазактоонун» укуктук кесепеттерин билишет.

**Социалдык-эмоционалдык:**

- студенттер теңчилик жана дискриминациясыз жашоо принциптерин сактоонун маанилүүлүгүн билишет;
- студенттер адамдардын бардык укуктары менен эркиндигин сыйлоонун маанилүүлүгүн түшүнүшөт;
- студенттер ой-пикир эркиндиги жана пикир билдирүү эркиндигине байланыштуу укуктарды сыйлоонун маанилүүлүгүн түшүнүшөт;
- студенттер улуттук мыйзамдардын нормаларын адам укуктары жаатындагы эл аралык стандарттарга шайкеш келтирүү маанилүү экенин түшүнүшөт.

**Жүрүм-турумдук:**

- студенттер өз өз сөзүндө «кастык тилин» чектей алышат.

| | |
|---|---|
| **Сабактын узактыгы** | 1 саат 20 мүнөт. |
| **Сабак өтүү методу** | Ачык суроолор, дискуссия, мугалимдин лекциялык презентациясы, чакан топтордо иштөө. |
| **Баалоо методдору** | Бышыктоочу суроолор. |
| **Негизги түшүнүктөр** | «Кастык тили», «жек көрүүчүлүк тили», «дискриминация», «теңчилик», «мазактоо», «кастыкты козутуу/тутантуу». |
| **Керектүү ресурстар** | Топ менен иштөө үчүн кагазга чыгарылган материалдар, флипчарт, проектор, экран, ноутбук, маркер, доска, кагаз скотч. |

## Сабактын планы

## 1. ЧАКЫРЫК

**Сабакты жүргүзүү методикасы.**

Мугалим студенттерге суроо менен кайрылып, дискриминация, мазактоо, социалдык топтор ортосундагы кастыкты козутуу/тутантуу, укуктук актылар, улуттук коопсуздук, коомдук тартип, улутук адеп-ахлак дегенде эмнени түшүнөсүңөр деп сурайт. Талкуу жүрөт.

## 2. МААЛЫМАТ МЕНЕН ИШТӨӨ

**Сабакты жүргүзүү методикасы.**

Мугалим улуттук мыйзамдардын нормалары (конституция, кылмыш кодекси) жана эл аралык укуктук актылар (жалпы декларация, жарандык жана саясий укуктар боюнча пакт) боюнча презентация жасайт жана төмөнкү суроолордун айланасында талкуу өткөрөт:

1. Эмне үчүн сөз эркиндиги демократиянын негизги баалуулугу болуп саналат?
2. Биздин өлкөдө сөз эркиндиги чектелгенби?
3. Сөз эркиндигине байланыштуу улуттук мыйзамдардын нормалары (конституция, кылмыш кодекси) адам укуктары жана эркиндиги боюнча эл аралык стандарттарга шайкеш келеби?
4. Сөз эркиндигин чектөөнүн кандай терс кесепеттери бар?
5. Сөз эркиндигин чектөөнүн кандай жакшы жактары болушу мүмкүн?

## 3. АРАКЕТТЕН

**Сабакты жүргүзүү методикасы.**

Мугалим студенттерди 2 же бир нече топко бириктирет, топтун бири жүз пайыздык сөз эркиндигинин жакшы жактарын жана сөз эркиндигин чектөөгө каршы аргументтерди тапканга аракет кылат. Башка топ/башка топтор жүз пайыздык сөз эркиндигинин терс жактарын жана сөз эркиндигин чектөөнү колдогон аргументтерди табышат. Майда топтор өз иштеринин жыйынтыктарын жалпы топ менен бөлүшөт.

**Мугалим үчүн кеңештер.**

Эстен чыгарбоо керек, бул этапта студенттердин жоопторуна комментарий берүүнүн кереги жок. Топтор бири-бирин угушу керек.

Андан кийин жыйынтыктап жатып, бүтүмдөрдү чыгаруу менен мугалим студенттер өзүлөрүн алар кирген топтун пикирине байлангандай сезип калбашы үчүн мугалим аларды бул же тигил топко тийиштүүлүгүнөн «бошотот».

## 4. САБАКТЫ ЖЫЙЫНТЫКТОО

**Сабакты жүргүзүү методикасы.**

Мугалим студенттерге өтүлгөн сабакты жыйынтыктоону сунуштап, үч кыска суроого жооп берүүнү өтүнөт:

1. Бүгүнкү сабактан мен эмне билдим?
2. Бүгүнкү сабакта эмнени үйрөндүм?
3. Бул сабакта мен үчүн эмне маанилүү болду?

# Маалыматтык обзор

## КАСТЫК ТИЛИ УЛУТТУК ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК УКУКТАРДЫН АЛКАГЫНДА

Кыргызстан, Казакстан, Тажикстан жана Өзбекстан Республикаларынын улуттук мыйзамдарында теңчилик нормалары камтылган, бирок дискриминация деген тушүнүк талаптагыдай ачылган эмес, баарын толук камтыган антидискриминациялык мыйзамдар жок, аны менен бирге эл аралык стандарттарга жооп берген дискриминациянын аныктамасы жана анын түрлөрү да жок, ошондой эле андан коргонуунун натыйжалуу механизмдери да каралган эмес.

Борбор Азия өлкөлөрү мүчө болуп кирген Эл аралык келишимдер, ошондой эле жалпы кабылданган эл аралык принциптер менен нормалар улуттук укуктук системаларынын бир бөлүгү болуп саналат.

Адам укуктары жаатындагы эл аралык укук бардыгына жана ар бир адамга теңчилик жана дискриминациясыз жашоого кепилдик берет. Мамлекеттер адам укуктарын колдонууда жана мыйзам тарабынан коргоого алууда теңчилик сакталаарына кепилдик берүүгө милдеттүү. Дискриминациясыз принциби өз ара байланыштагы үч бөлүктөн турат. Дискриминация дегенди төмөнкүлөрдү түшүнүүгө болот:

1) Саясий, экономикалык, социалдык, маданий жана башка коомдук жашоонун бардык чөйрөсүндө адам укуктарынын жанан эркиндиктеринин бирдей ишке ашырылышын, колдонулушун жана таанылышын жок кылууну же басаңдатууну максат кылган же ошондой натыйжага умтулган,

2) Адам укуктары жаатындагы эл аралык укуктар тарабынан таанылган жана коргоого алынган мүнөздөмөлөргө негизделген,

3) Бир адамга же адамдардын тобуна каршы бөлүү, өзгөчөлөнтүү же чектөө же артыкчылык берүү.

Мына так ошол бардыгы үчүн бирдей дискриминациясыз ар-намысты коргоо «кастык тилине» («жек көрүүчүлүк тили») карата чара көрүүгө түрткү боло турган негиз болуп бериши керек, анын ичинде эркин пикир билдирүү укугун чектөөгө да. «Кастык тилине» карата чаралар, анын ичинде тыюу салуулар, иш жүзүндө көп учурларда улуттук коопсуздукту коргоо, коомдук тартипти сактоо, саламаттыкты сактоо жана улуттук адеп-ахлак менен негизделет. Бирок, бул максаттар адамдарды дискриминациядан коргоо максаттары менен аралашып калганда, пикир билдирүүнү чектеген чаралар оңой эле өтө кеңири мүнөзгө ээ болуп жана кыянат пайдаланууга туш болот.

Ой-пикир эркиндиги жана эркин пикир билдирүү укугу «Адам укуктарынын жалпы декларациясынын» (АУЖД) 19-беренеси тарабынан кепилдик кылынган жана «Жарандык жана саясий укуктар жөнүндөгү Эл аралык пакттын» (ЖСУЭП) аркасында юридикалык күчкө ээ болгон негизги адам укуктарынын бири болуп саналат.

АУЖД 19-беренеси талап кылат, мамлекеттер ар бир адамга пикирин эркин билдирүү укугуна кепилдик бериши керек; бул укук өз ичине бул укук өз ой-пикирлерин тоскоолсуз жактоону жана маалыматтар менен идеяларды ар кандай каражаттар жана мамлекеттик чек араларга карабастан оозеки, жазуу жүзүндө же пикирин билдирүүнүн көркөм формалары аркылуу же өзү каалаган башкача амалдар менен таркатуу эркиндигин камтыйт. Бирок эркин пикир билдирүү укугу абсолюттук укук болуп саналбайт жана мамлекет белгилүү бир шарттарда адам укуктары жаатындагы эл аралык укуктардын талаптарына ылайык бул укукту чектей алат. «Кастык тилин» чектөөгө багытталган мамлекеттик чаралар (АУЖД 19-беренеси) төмөнкүдөй талаптарга жооп бериши керек:

1) Мыйзам менен бекитилет;
2) Укуктук максаттарды көздөйт:
   а) башка адамдардын укуктары менен кадыр-баркын сыйлоо үчүн;
   б) мамлекеттик коопсуздукту, коомдук тартипти, саламаттыкты жана улуттук алеп-ахлакты коргоо үчүн;
3) Демократиялык коомдо зарылдыгы болушу керек (ченемдүү жана пропорционалдуу).

ЖСУЭП 20-беренесинин 2-пунктунда мүчө-өлкөлөрдөн «жек көрүүчүлүк тилинин» өтө орой формаларына тыюу салуу талап кылынат: «Улуттук, расалык, же диний жек көрүүчүлүктү кубаттаган, дискриминацияны, кастыкты же зомбулукту козуткан кандай билдирүүлөр болбосун, мыйзам тарабынан тыюу салынышы керек».

Бул беренени ишке ашыруу иш жүзүндө көптөгөн талаштарды, түшүнүксүз жагдайларды жаратты. Көп сандаган мамлекеттер ЖСУЭП 20-беренесинин 2-пунктундагы эркин пикир билдирүү укугуна байланыштуу тынчсызданууларын билдиришти. Улуттук мыйзамдар менен тажрыйбалар 20-бер 2-п. жобоолорун чечмелөөдө жана ишке ашырууда бири-биринен айырмаланат, бул маселе улуттук деңгээлдеги соттордун баш аламан иштеринин натыйжасында ого бетер терендейт жана БУУнун адам укуктары боюнча Комитети бере турган жетектөөчү түшүндүрмөлөрдүн дээрлик жоктугу абалды оорлотот.

Жоболорду иш жүзүндө пайдаланууга байланыштуу көйгөйлөр эки

тараптан тең кездешет: бир жагынан козутууга байланыштуу олуттуу учурларда жазасыз калуу, экинчи жагынан мыйзамдуу пикир билдирүү үчүн жазалоо максатында так эмес мыйзамдык жоболорду өтө эле активдүү колдонуу (маселен азчылыктарды куугунтуктоо).

ЖСУЭП 20-бер. 2-п. боюнча тыюу салуу төмөнкү элементтердин болушун талап кылат:

1. Сөз сүйлөөчүнүн жүрүм-туруму. Ал адам ачык эл алдында сүйлөшү керек жана анын сөзүндө төмөнкүлөр камтылышы керек:

— жек көрүүчүлүктү кубаттоо/пропаганда кылуу,
— корголгон мүнөздөмөлөрдүн негизинде бир адамга же адамдардын тобуна багытталышы керек,
— дискриминацияга, кастыкка же зомбулукка түрткү бериши керек.

2. Сөз сүйлөөчүнүн ниети. Сөз сүйлөөчү төмөнкүдөй ниетте болушу керек:

— иметь специальное намерение к выступлению в пользу ненависти,
— атайын жек көрүүчүлүктү кубаттоо үчүн сөз сүйлөө ниетинин болушу,
— аудиторияны дискриминацияга, кастыкка же зомбулукка шыкактаган ниети же аудитория ошондой аракеттерге азгырылышы мүмкүн экенин алдын ала билиши.

3. Жек көрүүчүлүктү кубаттап сүйлөнгөн сөздүн натыйжасында аудитория чындап эле тыюу салынган аракеттерге барууга шыкактайт деген коркунучтун бардыгы же ыктымалдыгы.

Тыюу салынган иштер чыныгы иш жүзүндө аткарылбаса деле, «шыкактоо» деген термин жек көрүүчүлүктү пропагандалоо белгилүү бир топко кирген адамдарга карата дискриминация, кастык же зомбулук коркунучун жаратышы керек дегенди түшүндүрөт. Так мына ушул, аудитория өзүнө бута катары тандап алган адамга же адамдардын тобуна алардын корголгон мүнөздөмөлөрүнө байланыштуу аларга каршы аракеттерди көрөт деген коркунуч 20-берененин негизги көңүл чордону болуп саналат, бул бута катары тандалып алынган топ кандайдыр бир чыр-чатактардан улам кабылышы мүмкүн болгон мазактоо же наразылануудан айырмаланат.

Эгер сөз сүйлөөчү башка адамдарды корголгон мүнөздөмөлөрүнө байланыштуу кимдир бирөөгө каршы аракеттерге шыкактоону көздөбөсө, мындай «жек көрүүчүлүк тили» жогоруда аталган критерийлерге жооп бербейт.

Бирок айрым учурларда сүйлөнгөн сөз 20-беренеде көрсөтүлгөндөй олуттуу көйгөйлөрдү жаратып, мамлекет тарабынан мындай билдирүүлөрдү чектөө боюнча конкреттүү чара көрүлө тургандай «шыкактоо» деңгээлине жеткирилбеши керек.

Адам укуктары жаатындагы универсалдуу стандарттарга ылайык, мындай «жек көрүүчүлүк тили» ЖСУЭП 19-беренесинде саналган бир катар негиздер боюнча чектелиши мүмкүн, маселен, башка адамдардын укуктары менен ар-намысын коргоо үчүн, ошондой эле мамлекеттик коопсуздукту, коомдук тартипти, саламаттыкты жана улуттук адеп-ахлакты коргоо үчүн.

Айрым учурларда «кастык тили» кандайдыр бир «жек көрүү пропаган-

дасы» жок эле конкреттүү адамдарга багытталышы мүмкүн. Мындай сөздөр көп учурларда аялдарга, ЛГБТ коомчулуктарга же башка маргиналдуу топтор менен азчылыктарга багытталат. Алар көп учурда орой дискриминациялык мүнөздө болот жана бутага алынган адамдар үчүн өтө мазактоочу жана зыяндуу болот. Айрым учурларда алар сөз чабуулу формасында, зомбулук көрсөтүүгө коркутуу түрүндө же алардын объектиси болгон адамдарга дене жагынан же психологиялык жактан зыян келтирүү формасында кездешет.

Мындай жүрүм-турум дене жагынан же/жана психологиялык олуттуу зыян алып келүүсү мүмкүн болгон жерлерде тыюу салуулар орундуу болушу мүмкүн, эгер алар жашоого болгон укукту, ырайымсыз жана ар-намыска шек келтире тургандай мамиледен эркин болуу укугун, жеке жашоо кол тийбестигин жана тең мамилеге болгон укукту коргоо үчүн зарыл болсо.

Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан жана Кыргызстандын Конституциясы ар бир жаранга пикирин эркин билдирүү укугун, сөз жана басма сөз эркиндигин берет. Ал эми бул өлкөлөрдүн кылмыш кодексинде кастыкты же араздашууну козутуу, тутантуу үчүн кылмыш жоопкерчилиги каралган.

**Кыргыз Республикасынын КК. 313-берене, «Расалык, этностук, улуттук, диний же региондор ортосундагы кастыкты (араздашууну) козутуу»:**

*«Расалык, этностук, улуттук, диний же региондор ортосундагы кастыкты (араздашууну) козутууга, улуттук ар-намысты кемсинтүүгө багытталган аракеттер, ошого тете жарандардын дини, улуту же расалык таандыктыгы боюнча бөтөнчөлүгүн, артыкчылыгын же начардыгын пропагандалоо, ачык же жалпыга маалымдоо каражаттарын пайдалануу, ошондой эле Интернет тарамдарынын жардамы менен жасалса...».*

**Тажикстан Республкасынын КК. 189-берене, «Улуттук, расалык, аймактык же дини кастыкты козутуу»:**

*«Улуттук, расалык, аймактык же диний кастыкты козутууга, улуттук ар-намысты кемсинтүүгө багытталган аракеттер, ошого тете жарандардын дини, улуту, расасы же аймактык таандыктыгы боюнча бөтөнчөлүгүн пропагандалоо, эгер бул аракеттер ачык же массалык маалымат каражаттары аркылуу жасалса...».*

**Казакстан Республикасынын КК. 174-берене, «Социалдык, улуттук, уруулук, расалык, тектик-топтук же диний араздашууну козутуу»:**

*«Социалдык, улуттук, уруулук, расалык, тектик-топтук же диний араздашууну козутууга, жарандардын улуттук ар-намысына же диний сезимдерин кемсинтүүгө багытталган атайын аракеттер, ошого тете жарандардын диний көз карашы, тектик-топтук, улуттук, уруулук же расалык белгилери боюнча алардын айырмачылыгын, артыкчылыгын же толук кандуу эместигин пропагандалоо, эгер бул аракеттер ачык же массалык маалымат каражаттарынын жардамы менен же телекоммуникация тармактары аркылуу, ошого тете со-*

*циалдык, улуттук, уруулук, расалык, тектик-топтук же диний араздашууну пропаганда кылган адабияттарды же башка маалымат жеткиргичтерди даярдоо же таркатуу жолу менен жасалса...».*

**Өзбекстан Республикасынын КК. 156-берене, «Улуттук, расалык, этникалык же диний кастыкты козутуу»:**

*«Улуттук, расалык, этникалык же диний кастыкты пропагандалаган материалдарды таркатуу же таркатуу максатында даярдоо, сактоо...*

*Улуттук ар-намысты кемсинтүүгө, жарандардын диний же атеисттик көз карашына байланыштуу мазактоого, улуттук, расалык, этникалык же диний белгилери боюнча кастыкты, жактырбоочулукту же араздашууну козутуу максатында жасалган, ошого тете улуттук, расалык, этникалык таандыктыгына же диний көз карашына жараша укуктарын түз же кыйыр чектөө же түз жана кыйыр түрдө артыкчылыктарды берүү боюнча атайын аракеттер».*

Нормалар кылмыш-жаза мыйзамдарынын төмөнкү бөлүмдөрүндө чагылдырылган:

**Кыргыз Республикасы**

— IX бөлүк. Мамлекеттик бийликке каршы кылмыштар.

— 43-бөлүм.Конституциялык түзүлүштүн негиздерине жана мамлекеттин коопсуздугуна каршы кылмыштар.

**Тажикстан Республикасы**

— VIII бөлүк. Коомдук коопсуздукка жана калктын саламаттыгына каршы кылмыштар.

— 21-бөлүм. Коомдук коопсуздукка каршы кылмыштар.

**Казакстан Республикасы**

— 4-бөлүм. Тынчтыкка жана адамдын коопсуздугуна каршы кылмыштар.

**Өзбекстан Республикасы**

— Экинчи бөлүк. Тынчтыкка жана коопсуздукка каршы кылмыштар.

— VIII бөлүм. Тынчтыкка жана адамзатынын коопсуздугуна каршы кылмыштар.

Ошентип, аталган кылмыштык аракеттер жеке инсанды коргоо жана адамдын конституциялык укуктары менен эркиндигин коргоо деген көз караштан эмес, мамлекетти жана анын коопсуздугун коргоо жагынан каралат. Ал эми корголгон мүнөздөмөлөр расалык, этникалык, улуттук, диний, регионалдык, аймактык, социалдык, уруулук жана тектик-топтук белгилер менен чектелген.

Жогоруда аталган нормаларды кеңири чемелөөгө болот, аларда «кастык тили» («жек көрүүчүлүк тили») же «дискриминациялык билдирүүлөр» деген түшүнүктөр жок. Мындан тышкары, мыйзамдарда публикациялардагы жек көрүүчүлүктүн айынан кылмыштарга алып келе турган терс баалана турган (жол берилчү) жана мыйзамга каршы (кылмыштуу) контент деген түшүнүктөр да жок. Бул факторлор жактырбоочулукту, жек көрүүчүлүктү пропагандалоого каршы туруунун жетишсиздигине жана дагы

саясий, социалдык жана маданий азчылыктардын Конституция тарабынан берилген укуктарын ишке ашыруусуна таасир этет.

Эл аралык укук мамлекеттердин автор тарабынан атайлап жасалган жана ага шыкактоого жөндөмдүү болгон учурларда өзгөчө оор жана калыбына келбес зыян келтирүүнү алдын алуу үчүн «кастык тилинин» («жек көрүүчүлүк тили») олуттуу формаларына тыюу салууну талап кылганына карабай, Өзбекстан, Тажикстан жана Казакстан Республикаларынын кылмыш-жаза мыйзамдарында «мазактоо» кылмыш катары каралган. Мазактоо деген төмөнкүлөрдү түшүндүрөт:

- «Мазактоо, башкача айтканда адамдын ар-намысына жана кадыр-баркына атайлап абийирсиз формада шек келтирүү». (Өзбекстан Республикасынын КК: 140-берене. Мазактоо. VI бөлүм. Эркиндикке, ар-намыска, кадыр-баркка каршы кылмыштар);
- «Мазактоо, башкача айтканда, башка адамдын ар-намысына жана кадыр-баркына абийирсиз формада шек келтирүү». (Казакстан Республикасынын КК: 131-берене. Мазактоо. 1-бөлүм. Инсанга каршы кылмыштык мыйзам бузуулар).

Ал эми Тажикстандын Кылмыш кодексинде «Тажикстан Президентин ачык мазактоо же анын дарегине жалаа жабуу» кылмыштуу аракет катары каралган (17-бөлүм. Жеке эркиндик, ар-намыс жана кадыр-баркка каршы кылмыштар) жана «Тынчтыктын жана улуттук биримдиктин негиздөөчүсүн – улуттун Лидерин ачык мазактоо же анын дарегине жалаа жабуу» (137[1]-бер.). Ошондой эле Тажикстан Республикасынын кылмыштык мыйзамдарында «бийлик өкүлүн мазактоо» (330-бер.) жана «аскер кызматкерин мазактоо» (372-бер.) үчүн да кылмыш жоопкерчилиги каралган.

Бул жерде бир нерсени белгилей кетүү маанилүү, айтылган сөздөр чагымчыл же мазактоо мүнөзүндө болушу мүмкүн, бирок ал кандайдыр бир ынанымдар менен мүнөздөлүп жана терсаяктык, жактырбоочулук маселесин козгоп, бирок олуттуу деңгээлге жетпеши мүмкүн, бул учурда пикир билдирүүгө чектөө орундуу болот.

Кылмыш жазасы акыркы айла катары гана колдонулушу керек жана өтө олуттуу учурларда гана, «кастык тили» («жек көрүүчүлүк тили») үчүн санкциялар негизинен жарандык жана административдик укуктун чегинде каралууга тийиш жана материалдык жана материалдык эмес зыянды калыбына келтирүү, ошондой эле эгер мыйзам бузуу ММКларда орун алган болсо фактыларды оңдоо, жооп кайтаруу укугу камтылышы керек.

Азчылыктарды жана социалдык топторду жерүүдөн, зомбулуктан, стигматизациядан коргоонун натыйжалуу амалдарын илгерилетүү жана региондо адам укуктарына байланыштуу кырдаалды жакшыртуу үчүн адам укуктарын коргоо жана илгерилетүү боюнча эл аралык механизмдер мамлекеттерге бардыгын камтыган антидискриминациялык мыйзам кабыл алууну бир нече ирет сунуштаган.

## Булактардын тизмеси


1. Адам укуктарынын жалпы декларациясы / БУУнун Башкы Ассамблеясы тарабынан 1948-жылы 10-декабрда 217 A (III) резолюциясы менен кабыл алынган.

2. Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө Эл аралык пакт / Башкы Ассамблея тарабынан 1966-жылы 16-декабрда 2200 A (XXI) резолюциясы менен кабыл алынган.

3. Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 2-февралындагы №19 Кылмыш-жаза кодекси (КР 2017-жылдын 24-январындагы № 10 Мыйзамы менен 2019-жылдын 1-январынан тартып колдонууга киргизилет).

4. Казакстан Республикасынын Кылмыш Кодекси (РК 24.11.15-ж. № 422-V мыйзамы менен колдонууга киргизилет, 06.10.2020-ж. карата өзгөртүү жана толуктоолору менен).

5. Тажикстан Республикасынын Кылмыш Кодекси, 21-май, 1998-ж. № 574 (07.08.2020-ж. карата өзгөртүү жана толуктоолору менен).

6. Өзбекстан Республикасынын Кылмыш Кодекси (Өзбекстан Республикасынын 1998-жылдын 22-сентябрындагы мыйзамы менен бекитилген № 2012-XII, 05.11.2020-карата карата өзгөртүү жана толуктоолору менен).

7. «Жек көрүүчүлүк тилин» түшүндүрүү: Практикалык колдонмо, 2015-жыл, Article 19 — Free Word Centre 60 Farringdon Road London, EC1R 3GA United Kingdom.